**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги
___________________
«__»_________2013-ж

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Саламаттыкты сактоо
министрлигинин
№__ буйругу
___________________
«__»_________2013-ж

# И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын УСТАВЫ

**БИШКЕК - 2013**

# И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын
# УСТАВЫ

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы (андан ары - академия) Кыргыз ССРнин Элдик Комиссарлар Кеңешинин токтомуна ылайык 1939-жылдын 16-апрелинен баштап, Кыргыз мамлекеттик медициналык институту болуп эсептелет.

1.2. Академиянын уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги болуп саналат.

1.3. Академия коммерциялык эмес, мамлекеттик билим берүү уюму болуп саналат.

1.4. Академия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык уюм болуп саналат, Кыргыз Республикасынын герби түшүрүлгөн мөөрү, бурчунда штампы жана өздөрүнүн аталыштары менен шарттуу белгилери бар, ошону менен катар чет элдик валюталарда, каржылоо жана насыялык мекемелеринде өз алдынча балансы жана эсеби бар, бөлүнгөн мүлккө ээ.

1.5. Академия чечимдеринин жана иштеринин аткарылышын өз алдынча учурдагы уставына ылайык кабыл алат. Академиянын окуу процесстеринин жүрүшүнө, илимий жана чарбалык иштерине мамлекеттик бийлик органдарынын кийлигишүүсү Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларында каралган учурларда гана жол берилет.

1.6. Академиянын толук аталышы:

- кыргыз тилинде:

**«И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы» мекемеси;**

- орус тилинде:

**Учреждение «Кыргызская государственная мединцинская академия имени И.К. Ахунбаева»;**

Англис тилинде:

**Institution - «I.K. Akhunbaev Kyrgyz stat medical akademy».**

1.7. Академиянын кыскартылган аталышы:

- кыргыз тилинде «И.К. Ахунбаев атындагы КММА»;
- орус тилинде: **«КГМА имени И.К. Ахунбаева»;**
- англис тилинде: **«I.K. Akhunbaev KSMA».**

1.8. Академиянын юридикалык дареги:

**720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., И. Ахунбаев көч. 92.**

1.9. Академия ишмердигинин мөөнөтү чектелген эмес.

## II. АКАДЕМИЯ ИШМЕРДИГИНИН МАКСАТЫ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА СТАТУСУ

2.1. Академия Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдоруна, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларына жана учурдагы уставына ылайык окуу, дарылоо-профилактикалык, илимий-изилдөө, тарбия жана башка ишмердиктерди иш жүзүнө ашырат.

2.2. Академия ишмердигинин негизги максаттары:

2.2.1. жогорку, дипломдук, дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык жана фармацевтикалык профилдеги адистик боюнча билим берүү аркылуу жеке адамдын талаптарын канааттандыруу, ошондой эле окуу процесстеринин, илимий изилдөөлөрдүн жана клиникалык иштердин үзгүлтүксүз биримдигинин негизинде орто жана жалпы билим берүү.

2.2.2. Илимий–педагогикалык кызматкерлердин жана окуп үйрөнүүчүлөрдүн бирдиктүү ишмердигинин алкагында медицина тармагындагы фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жана байланыш илимди өнүктүрүү, алынган жыйынтыктарды окуу процессинде колдонуу.

2.2.3. Даярдоо, кайра даярдоо жана жогорку билими бар адистерди, ошондой эле жогорку дасыгуудагы илимий-педагогикалык кадрлардын дасыгуусун жогорулатуу.

2.2.4. Окуп-үйрөнүүчүлөрдүн жарандык көз-карашын калыптандыруу.

2.2.5. Коомдун адеп-ахлак, маданият жана илимий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү.

2.2.6. Калк арасында илимий билимдерди таркатуу жана мамлекеттин интеллектуалдык дареметин жогорулатуу.

2.2.7. Медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоо үчүн мамлекеттик тапшырыкты аткаруу.

2.3. Академия жогоруда көрсөтүлгөн максаттарын иш жүзүнө ашыруу үчүн:

2.3.1. мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде жогорку, дипломдук, дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык жана фармацевтикалык профилде, ошондой эле жалпы орто билим берүүнүн адистик билим берүү программаларын иштеп чыгат жана иш жүзүнө ашырат;

2.3.2. даярдоо, кайра даярдоо жана жогорку билимдүү адистерди, ошондой эле жогорку дасыгуудагы илимий-педагогикалык кадрлардын дасыгуусун жогорулатууну жүзөгө ашырат;

2.3.3. илимдин тармактары боюнча фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү аткарат, өз ишмердигинин тармактары боюнча илимий жана илимий-усулдук борбор болуп саналат;

2.3.4. илимий-педагогикалык, илимий жана билим берүү ишмердигинин өтө маанилүү багыттары боюнча чыгармачыл жамаатты түзөт;

2.3.5. илимий конференцияларды, чогулуштарды, ар кандай деңгээлдердеги жолугушууларды өткөрөт жана катышат.

2.3.6. илимий байланышты орнотот, ошону менен катар чет элдик өнөктөштөр менен чыгармачыл келишимдерди түзөт, долбоорлорду жана программаларды жазышат;

2.3.7. монографияларды, илимий эмгектерди, китептерди, окуу куралдарын, сурап билүү, сөздүк, усулдук, мезгил-мезгили менен чыгуучу (газеталар, журналдар ж.б.), илимий жана учурдагы белгилүү адабиятты, маданият-агартуучулук жанрындагы чыгармаларды басып чыгарат;

2.3.8. илимдин кандидаты жана илимдин доктору даражаларын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Диссертациялык кеңештердин ишмердигин камсыз кылат;

2.3.9. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынан өзүнүн кызматкерлеринин окумуштуу наамдарын алуусу жөнүндө өтүнөт;

2.3.10. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу уюмдарынан өзүнүн кызматкерлерине ардактуу наамдарды, өкмөттүк сыйлыктарды жана башка мекемелик сыйлыктарды ыйгаруусу жөнүндө өтүнөт;

2.3.11. академиянын укуктук коргоо жана интеллектуалдык менчиктин ишке ашырылышын (реализацияланышын) илимий изилдөө жыйынтыктарынын негизинде иш жүзүнө ашырат;

2.3.12. кыргыз жана чет элдик билим берүү мекемелери, илимдер академиялары, билим берүү органдары, министрликтер, аткаруучу бийлик органдары, ишканалар жана уюмдар менен түзүлгөн келишимдин, макулдашуунун жана контракттын негизинде, адистик алмашуу боюнча түз эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарды жүзөгө ашырат;

2.3.13. калкка акы төлөнүүчү билим берүү, дарылоо-профилактикалык жана башка кызматтарды көрсөтөт.

2.3.14. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бюджеттик эмес каражаттарды колдонуу тартиптерин жана багыттарын, өзүнүн кызматкерлеринин материалдык каалоолоруна жана эмгек акысына багытталган үлүшүн аныктайт.

2.3.13. Билим берүү процессин уюштурат жана окуунун формасын жана ыкмасын тандайт;

2.3.16. кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, ошону

менен катар белгиленген тартипте профессордук-окутуучулук жана илимий курамды чогултат, декандардын, кафедра башчыларынын жана түзүмдүк бөлүм жетекчилеринин милдеттерин жана башка окуу, же илимий-изилдөө бөлүмдөрүнүн (борборлордун, бөлүмдөрдүн, лабораториялардын) жетекчилерин алмаштырат;

2.3.17. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жумушчулардын эмгек акысынын көлөмүн жана формасын аныктайт.

2.3.18. өзүнүн материалдык – техникалык базасын өнүктүрөт жана бекемдейт, курулушун жүзөгө ашырат, курулуш нормаларына жана эрежелерине ылайык, бюджеттен бөлүнгөн каражаттын чегинде, ошондой эле жеке каржылык, же бөлүнгөн каражаттын эсебинен, же каржылоонун кошумча булактарынын эсебинен өзүнүн уставдык ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн банктык насыялардын негизинде имараттарды жана билимканаларды жабдуулайт;

2.3.19. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жана Билим берүү жана илим министрлигинин макулдашуусу менен билим берүү программаларын жана окуу пландарын иштеп чыгат;

2.3.20. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жана Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик укуктук актыларына ылайык билим алуучулардын контингентин түзөт;

2.3.21. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жана Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы уставына жана ченемдик укуктук актыларына ылайык жетишүү көзөмөлүн иш жүзүнө ашырат;

2.3.22. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык, монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуунун негизинде билим берүү кызматтарынын, илимий жана башка каражат бааларынын прейскурантарын иштеп чыгат.

2.3.23. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жана Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларына ылайык, дарылоо-диагностикалык изилдөөлөрдүн жана окуу-усулдук иштердин көлөмүн эске алып, ошол жүктөмдүн чегинде аткарылган илимий, профессордук-окутуучулук курамдын окуу жана дарылоо жүктөмдөрүнүн ченемин жана көлөмүн бекитет.

2.3.24. Өндүрүштүк, госпиталдык базаларды түзөт жана зарыл болгон учурда окуу-дарылоо-илимий ишмердигинин кеңейишин иш жүзүнө ашырат.

2.3.25. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин макулдашуусу менен билим берүү системасына жаңы технологияларды киргизет;

2.3.26. Кызматкерлер жана студенттер үчүн коомдук тамактануучу жайларга

зарыл болгон шарттарды түзөт;

2.3.27. Кызматкерлер жана студенттер үчүн спорттук ден-соолукту жакшыртуучу комплекстерди жана бош убакытты өткөрүүнүн башка түрлөрүн түзөт;

2.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана учурдагы уставда белгиленгендей, академия өз алдынча кадрларды тандай алат жана жайгаштырат.

2.5. Медициналык жана фармацевтикалык профилдердин бардык адистиктери боюнча дипломдон кийинки билим берүү: интернатура жана клиникалык ординатура формаларында ишке ашырылат.

2.6. Медициналык жана фармацевтикалык профилдердин бардык адистиктери боюнча жогорку окуу жайынан кийинки адистик билим берүү: аспирантура жана докторантура формаларында ишке ашырылат.

2.7. Медициналык жана фармацевтикалык профилдердин бардык адистиктери боюнча кошумча адистик билим берүү: дасыгууну жогорулатуу, же медициналык жана фармацевтикалык кызматкерлерди, окутуучуларды жана илимий кызматкелерди кайра даярдоо формаларында ишке ашырылат.

2.8. Академия кесиптик билим берүү программаларын билим берүү ишмердигинин уруксаттарынын (лицензиясынын) негизинде ишке ашырат, ал эми дасыгууну жана академиялык даражаларды өздөштүрүү, билим берүү боюнча мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү, жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программасынын ишке ашырылышы (талапткерлерди, аспиранттарды, докторанттарды ж.б.) мамлекеттик аккредитациянын (аттестациянын) негизинде жүргүзүлөт.

2.9. Академия жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү, аны менен катар толук көз-карандысыз каржылоо иштери, уставдык тапшырмаларды аткаруу максатындагы сырткы экономикалык (өндүрүштүк-чарбалык) ишмердиги Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде ишке ашырылууга укуктуу.

2.10. Академия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ишмердиктин башка түрлөрүн иш жүзүнө ашырууга укуктуу.

2.11. Атайын уруксат (лицензия) талап кылына турган ишмердиктин түрлөрүн академия тиешелүү иштерин министрликтер жана бийлик аткаруу органдары тарабынан берилүүчү уруксаттардын (лицензиялардын) негизинде иш жүзүнө ашырат.

## Ш. АКАДЕМИЯНЫН СТРУКТУРАСЫ (ТҮЗҮМҮ)

3.1. Академия өз каражаттарынын алкагында учурдагы уставдын негизинде жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүгүнө ылайык өздүк түзүмүн түзөт.

3.2. Академияда юридикалык же туунду (филиал) статусу менен алардын

мүлкүн чыгаруу аркылуу түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө болот. Түзүмдүк бөлүмдөр филиал же башка бөлүмдөрдү түзүүгө укугу жок.

3.3. Академиянын структурасы төмөнкүдөй тартипте түзүлүшү мүмкүн:

3.3.1. институттар, борборлор, факультеттер, кафедралар, курстар, клиникалык жана өндүрүштүк базалар, жалпы билим берүү структуралары;

3.3.2. кошумча адистик билим берүү, дасыгууну жогорулатуу жана адисти кайра даярдоо, жогорку окуу жайына чейинки даярдоо бөлүмдөрү (лицейлер, даярдалган курстар) жана башка структуралары;

3.3.3. илимий изилдөө лабораториялары, дарылоо, конструктордук-технологиялык, өндүрүштүк, басма жана башка түзүмдүк бөлүмдөр, ошону менен катар толук өзүн-өзү каржылоо иштери.

3.4. Академиянын түзүмдүк бөлүмдөрү, ошону менен катар толук өзүн-өзү каржылоо иштерин жүзөгө ашырууну жеке инвестицияларды тартуу аркылуу жүргүзсө болот.

3.5. Академиянын түзүмдүк бөлүмдөрү, ошону менен катар толук өзүн-өзү каржылоо иштерин, орто, жалпы орто, жогорку адистик билим берүүнүн программаларын ошондой эле кошумча жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын өз убагында иш жүзүнө ашырат.

3.6. Академиянын түзүмдүк бөлүмдөрү, ошону менен катар толук өзүн-өзү каржылоо иштери жалпы орто жана орто адистик билим берүүнүн программаларын өз убагында аткаруу билим берүү уюмунун тиешелүү ыйгарым укугуна ээ болушу керек.

3.7. Академиянын юридикалык жактан статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрү жана филиалдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлөт, кайра уюшулат жана жоюлат.

3.8. Академиянын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн укуктук статусу жана функциясы учурдагы уставга жана ректор тарабынан бекитилген түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

3.9. Өзгөчөлөнгөн түзүмдүк жана юридикалык статуска ээ болгон бөлүмдөр өзүнчө киреше жана чыгаша чыгымын түзөт жана өз алдынча бухгалтердик эсеп жүргүзүшөт.

3.10. Академия Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына жана уставына ылайык, мамлекет аралык макулдашуунун чегинде, Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет мамлекетте филиалдарды түзүүгө жана өкүлчүлүктөрдү ачууга укуктуу. Филиалдардын жетекчилери жана академиянын өкүлчүлүктөрү ректор тарабынан дайындалат жана аларга берилген ишеним кагаздын негизинде иштешет.

3.11. Академия жана анын бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, аны менен катар толук өзүн-өзү каржылоо кызматы бирдиктүү окуу-илимий-өндүрүштүк комплекс катары иштешет. Бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери

академия башкармалыгынын тапшырмаларын жана чечимдерин аткарууга милдеттүү.

3.12. Академиянын бирдиктүү окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси төмөнкүлөрдүн иштөөсүн камсыз кылат:

3.12.1. академиялык бардык түзүмдүк бөлүмдөр студенттерди, катышуучуларды, угуучуларды, дарыгер-интерндерди, клиникалык ординаторлорду, аспиранттар жана докторанттарды окутуудагы катышуусун же билим берүү процессин жана материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүдөгү катышуусун;

3.12.2. академиялык бардык түзүмдүк бөлүмдөр Окумуштуулар кеңешиндеги чечимдерди, ректор, проректорлордун буйруктарын жана буйрутмаларын аткаруусун камсыз кылат.

## IV. АКАДЕМИЯНЫН ОКУУ ИШМЕРДИГИ

4.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, академия адистерди даярдоону Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү адистиктеринин жана багыттарынын тизмеси боюнча иш жүзүнө ашырат.

4.2. Адистиктер жана деңгээлдер, академиянын адистик билим берүү программаларынын ченемдери, билим алуучулардын чектелген контингенти Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензиялоонун жана мамлекеттик аккредитациянын (аттестациянын) жыйынтыктары боюнча бекитилет.

4.3. Академиядагы жаңы багыттарды, адистиктерди ачуу жана каржылоо уюштуруучу тарабынан билим берүү ишмердигин жүргүзүү укугунун лицензиясына ээ болгондо гана иш жүзүнө ашырылат.

4.4. Академия кадрларды даярдоону республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик тапшырык боюнча окуунун төлөмдүк баасын физикалык, юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзөт.

4.5. Академия тарабынан мамлекеттик тапшырык боюнча адистерди кабыл алуу планы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат. Келишимдин негизинде адистерди кабыл алуу планы академия тарабынан мамлекеттик тапшырык боюнча кабыл алуу планын эске алып, студенттердин белгиленген контингентинин чегинде түзүлөт.

4.6. Багыттар жана адистиктер боюнча билим берүүнүн мазмуну академия тарабынан мамлекеттик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарына ылайык аныкталат. Академия белгиленген тартипке ылайык, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын аткарылбаган талаптарынын жоопкерчилигин өзүнө алат жана белгиленген тартипте анын статусун түшүрөт же кайра түзөт (же жоёт).

4.7. Академиядагы окуу процесси педагогикалык жактан негизделген

каражаттардын, формалардын, окуу усулдарынын негизинде түзүлөт.

4.8. Академия билим алуучулардын баа системасын, формаларын, тартибин жана мезгилдик аттестациялоосун өз алдынча тандайт. Мамлекеттик билим берүүнүн стандарттык талаптарынын аткарылышын камсыз кылуучу сабактардын негизги түрлөрүнүн билим берүү формалары жана деңгээлдери окуу пландарына жана программаларына ылайык аныкталат. Академия сабактардын негизги түрлөрүнөн башка студенттердин кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган сабактарды жана сабактан тышкаркы иш чараларды киргизе алат.

4.9. Академияда негизги адистик боюнча билим берүү программаларын окутуу мамлекеттик (кыргыз тилинде), орус, англис тилдеринде жүргүзүлөт жана үйрөнүүнүн жогорку сапатын камсыз кылуудан тышкары билим алуучулардын талаптарын камсыздандырууну жана окуу процессинин кадрлык, усулдук мүмкүнчүлүктөрүн эске алат.

4.10. Билим алуунун узактыгы, окуу жылынын башы жана аягы, студенттердин милдеттүү окуу сабактарынын жумалык жүктөмү, сынак сессиялардын жана каникулдардын мөөнөтү жана узактыгы, ошондой эле практикалык үйрөнүүнүн жана аяктоо формасынын түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу пландары боюнча бекитилет.

4.11. Аудиториялык сабактардын (академиялык саатар) узактыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык академия тарабынан бекитилет.

4.12. Академияда окуу процессин уюштуруу, жогорку сапаттагы билим берүүнү камсыздоо, студенттердин жашоосун жана окуунун коопсуз шарттарын түзүүнүн негизинде иш жүзүнө ашырылат.

4.13. Жогорку билим берүүнүн  кесиптик билим берүү программалары боюнча үйрөтүлүшү биринчи жогорку билим алуу болуп саналат.

4.14. Студенттердин билими, адистик билүүлөрү жана көндүмдөрү билим берүүнүн мамлекеттик үлгүсү жөнүндөгү бардык документтерде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык баалар менен аныкталат. Окутуунун аралык этаптарында экспертиза жана студенттердин билимин, көндүмдөрүн жана кесиптик көндүмдөрүн баалоо системасы  академия тарабынан бекитилет.

4.15. Академияга Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет элдик жарандарды кабыл алуу, студенттерди которуу, чыгаруу жана кайра кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук актыларына жана учурдагы уставына ылайык жөнгө салынат.

4.16. Контракттык негизде билим алуу үчүн академияга кабыл алуу, орто,

жалпы жана орто адистик боюнча билим алгандардын арызынын негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган жол-жоболор боюнча конкурстук негизде жүргүзүлөт. Конкурстун шарттары жарандардын укуктарынын сакталышына кепилдик бериши керек.

4.17. Кабыл алуу жыйынтыктарынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү биринчи курска өткөрүү жөнүндө ректордун буйругу жарыяланат.

4.18. Башка билим берүү уюмдарынан академияда билим алууну уланткан студенттерди которуу, ошондой эле билим алуунун формасына жана түрүнө карабастан, негизги окуу программасынын бир түрүнөн башка түрүнө өтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуу тартибине ылайык жүргүзүлөт.

4.19. Студенттер төмөнкү учурларда чыгарылышы мүмкүн:

- учурдагы уставдын жоболорун, ички тартипти жана академияда жана түзүмдүк бөлүмдөрдө коомдук алып жүрүү эрежелерин бузганда;

- академиялык жетишпегенде, жеке планды аткарбаганда, окуу жылынын жыйынтыктары боюнча аттестация жок болгондо, келишимдин шарттарын аткарбаганда жана башка негизсиз себептерде чыгарылат.

4.20. Негиздүү себептер төмөнкүлөр болуп саналат:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте медициналык көрсөтмөлөрү бар болсо жана башка өзгөчө учурларда студентке академиялык өргүү берилет.

4.21. Студент өз каалоосу менен же негиздүү себептер менен чыгарылгандан кийин беш жыл аралыгында ошол эле билим алуунун негизинде академияга кайра келүүгө укуктуу (контракт же бюджет).

4.22. Негизсиз себептер менен академиядан чыгарылган студент контракттык негизде кайра келиши мүмкүн. Студент билим алууга өз убагында төлөмдү төлөбөгөндүгү үчүн академиядан чыгарылган болсо, кайра келүү бардык карыздарын жойгондон кийин жана кайра келүү мезгилинде учурдагы семестр үчүн төлөмдү бергенден кийин гана жүргүзүлөт.

4.23. Буга чейин академиядан чыгарылган студенттердин кайра келүүсү анын арызы жана ректордун буйругу боюнча тиешелүү комиссиянын чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

4.24. Академияда билим алууну аяктабагандарга белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

4.25. Окуу жылында дисциплиналар боюнча күбөлөндүрүлбөгөн студенттер кийинки курска которулбайт.

4.26. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде окуу планын жана программаларды толук көлөмдө аткарган студенттер мамлекеттик аттестацияга өткөрүлөт. Мамлекеттик аттестациянын

жыйынтыктары боюнча бүтүрүүчүгө адистиги же багыттары боюнча академиялык даражасы ыйгарылат.

4.27. Академиянын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестациясын жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталат.

4.28. Мамлекеттин каржылоосу менен окуган биринчи жана экинчи курстардын окуу топторундагы студенттердин саны кабыл алуу планына, адистик жана даярдоо багыттарына ылайык аныкталат, бирок 20 адамдан аз болбошу керек. Бюджеттен тышкаркы каражатынын эсебинен окуган, белгиленген курстардын окуу топторундагы студенттердин саны бюджеттен тышкаркы каржылоонун чегинде академия тарабынан бекитилет, бирок 25 адамдан көп болбошу керек. Андан кийинки курстарда топтордогу студенттердин саны каржылоодон бөлүнгөн көлөмдүн чегинде академия тарабынан бекитилет.

## V. АКАДЕМИЯНЫН ИЛИМИЙ ИШМЕРДИГИ

5.1. Академия толук жогорку билимдүү адистерди даярдоонун жогорку сапатынын негизи болгон фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү милдеттүү түрдө жүргүзөт.

5.2. Академиядагы илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун милдеттүү шарты болуп илимий жана окуу процесстеринин айкалышын камсыздоо, ошондой эле мамлекеттик аттестациянын жана мамлекеттик аккредитациянын жыйынтыктары боюнча алынган сертификаттарга ылайык илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо болуп саналат.

5.3. Академияда мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланган (мамлекеттик буйрутмадан илимий изилдөөлөр менен долбоордук иштерге) илимий ишмердүүлүктү пландаштыруу, белгиленген тартипте бекитилген илимий-изилдөө (илимий-техникалык) программаларына ылайык иш жүзүнө ашырылат.

5.4. Келишим боюнча аткарыла турган демилгелүү изилдөөлөрдү, илимий-изилдөө иштерин, ошондой эле чыгармачыл иштердин башка түрлөрүн пландаштыруу академияда Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча ректор тарабынан бекитилген тематикалык пландарга ылайык иш жүзүнө ашырылат.

5.5. Илимий ишмердик өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

5.5.1. илимий эмгектерди, мезгилдүү жана сериялуу басылмаларды чыгаруу;

5.5.2. илимий конференцияларды, симпозиумдарды, конгресстерди өткөрүү;

5.5.3. медициналык, фармациялык, биологиялык жана башка илимдер боюнча кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештерди ачуу жана алардын ишмердиктерин координациялоо;

5.5.4. медициналык илим жана билим берүү тармагында республикалык деңгээлдеги илимий-усулдук жана координациялык ишмердикти аткаруу;

5.6. академиядагы илимий ишмердиктин негизги маселелерин илим боюнча илимий-техникалык кеңеш координациялап, төмөнкү иштерди аткарат:

5.6.1. мамлекеттик жана гранттык каржылоого илимий долбоор-билдирмелерин тандоо;

5.6.2. каржылануучу темалар боюнча жылдык пландарды жана отчётторду угуу жана бекитүү;

5.6.3. артыкчылыктуу илимий-изилдөө иштеринин илимий маанилүүлүгүн баалоо жана планын бекитүү;

5.6.4. аспиранттардын, илимий изденүүчүлөрдүн, докторанттардын илимий диссертациялык темаларын бекитүү;

5.6.5. академиянын илимий ишмердигинин башка зарыл маселелерин чечүү.

## VI. АКАДЕМИЯНЫН ДАРЫЛОО-ДИАГНОСТИКАЛЫК ИШМЕРДИГИ

6.1. Дарылоо-диагностикалык ишмердигин аткаруу клиникалык кафедралардын профессордук-окутуучулук курамы, илимий-изилдөө борборунун, академиянын түзүмдүк медициналык бөлүмдөрүнүн илимий кызматкерлери, ошондой эле докторанттар, аспиранттар, такшалуучулар (стажёрлор), клиникалык ординаторлор, дарыгер-интерндер, клиниканын дарыгер кызматкерлери тарабынан госпиталдык базада жана академиянын дарылоо-профилактикалык мекемелеринде, уюмдарында жана жеке клиникалардын базасында иш жүзүнө ашырылат.

6.2. Академиянын республиканын дарылоо-профилактикалык жана фармациялык мекемелери менен өз ара мамилеси Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жоболорунун, же келишимдин негизинде белгиленет.

## VII. АКАДЕМИЯНЫН СТУДЕНТТЕРИ, УГУУЧУЛАРЫ, ДАРЫГЕР-ИНТЕРНДЕРИ, КЛИНИКАЛЫК ОРДИНАТОРЛОРУ, АСПИРАНТТАРЫ, ДОКТОРАНТТАРЫ ЖАНА ИЗДЕНҮҮЧҮЛӨРҮ

7.1. Белгиленген тартипте академияга кабыл алынгандар жана ар кандай деңгээлде жогорку билим алуучулар студент статусуна ээ болушат. Студенттерге белгиленген үлгүдөгү студенттик билет жана зачёттук китепче берилет.

7.2. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен окугандар жана өз каалоосу, же негиздүү себептер менен академиядан бошотулгандар ошол эле негизде (бекер) окууга кайра калыбына келтирүү укугуна ээ.

7.3. Академияга кабыл алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

бекиткен кабыл алуу эрежелерине жана учурдагы уставына ылайык аныкталат.

7.4. Медициналык көрсөтмөлөр боюнча жана башка өзгөчө учурларда академиянын студентине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген тартипке ылайык куралдуу күчтөргө чакыруу мөөнөтүн узартуу укугун сактоо менен академиялык өргүү берилет.

7.5. Академия студенттерине окуу жылында эки жолудан кем эмес жалпы узактыгы жети жумадан аз эмес, бирок он жумадан көп эмес эс алуу берилет.

7.6. Академиянын бюджеттик каражаттын эсебинен билим алган студенттерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте жана өлчөмдө стипендия төлөнөт.

7.7. Юридикалык жана физикалык жактардын келишимдери боюнча окуган студенттер келишимдерде белгиленген шарттарга ылайык окууга жиберген тараптардын эсебинен стипендия алууга укуктуу.

7.8. Студенттер төмөнкү укуктарга ээ:

7.8.1. тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн болбогон билимдерди жана кесиптик ыктарды алууга;

7.8.2. академиянын тийиштүү бөлүмдөрү менен макулдашуу иретинде, мамлекеттик билим берүү стандартынын, академия сунуштаган тандоо боюнча курстардын жана адистиктердин алкагында тандоого;

7.8.3. академияда өткөрүлгөн кошумча сабактардын түрлөрүнө акы төлөөнүн негизинде катышууга;

7.8.4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипке ылайык, башка билим берүүчү кесиптик программалар боюнча окууга, же башка жогорку окуу жайларга которулууга;

7.8.5. илимий-изилдөө иштеринин бардык түрлөрүнө, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга жана өз эмгектерин жарыялоого, анын ичинде академиянын басылмаларына сунуштоого;

7.8.6. тиешелүү жоболордо аныкталган тартипке ылайык, окуу, илимий жана башка бөлүмдөрдүн окуу-лабораториялык имараттарын, китепканаларын, жатаканаларын, спорттук курулуштарын, жабдууларын колдонууга;

7.8.7. куралдуу күчтөргө чакыруу мөөнөтүн узартууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген аскер адистиги боюнча билим алууга;

7.8.8. өзүнүн адамдык кадыр-баркын коргоого, жеке көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө, академиянын администрациясынын чечимдери тууралуу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жана башка административдик уюмдарга даттанууга;

7.8.9. академия ишмердигинин маанилүү маселелерин талкулоого жана чечүүгө катышууга;
7.8.10. студенттик турмуш маселелерин чечүү үчүн коомдук уюмдарды түзүү укугуна ээ.
7.9. Студенттер милдеттүү:
7.9.1. окуу пландарында жана окутуу программаларында каралган окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө катышууга жана окуу тапшырмаларынын бардык түрлөрүн белгиленген мөөнөттө аткарууга;
7.9.2. теориялык билимдерди, кесиптик көндүмдөрдү, ыктарды жана илимий изилдөөлөрдүн заманбап ыкмаларын билим берүү стандарттары талап кылган деңгээлде билүүгө;
7.9.3. академиянын уставын жана этика кодексин, ички тартип эрежелерин жана жатаканада жашоо эрежелерин сактоого;
7.9.4. коомдун адеп-ахлак нормаларын сактоого милдеттүү.
7.10. Башка шаардык студенттерге окуу мезгилинде жатакана берилиши мүмкүн. Жатаканада жашоо эрежелери тиешелүү жобо менен тартипке салынат. Жатаканада жашаган ар бир билим алуучу менен КММАнын студенттик шаарчасынын жатаканасынан убактылуу орун (бөлмө) берүү жөнүндө келишим түзүлөт.
7.11. Студенттер академияда бекитилген жеке пландар боюнча киргизилген факультативдик үйрөнүүчү сабактарды окуй алышат. Окуунун узактыгы студенттердин жогорку кесиптик билим алуусунун деңгээлине жараша жана факультеттин окуу планына байланыштуу болот.
7.12. Окуудагы жетишкендиктери жана илимий-изилдөө иштерине активдүү катышкандыктары үчүн академиянын каражатынын чегинде студенттерге моралдык жана материалдык сыйлыктын (ошонун ичинде жеке стипендиялар) ар кандай формалары каралышы мүмкүн.
7.13. Окуу пландарын аткарбагандыгы, учрдагы уставдын жоболорун сактабагандыгы, ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин жана келишим шарттарын бузгандыгы үчүн студенттерге академиядан чыгарууга чейинки тартип чаралары колдонулушу мүмкүн.
7.14. Студентке дисциплинардык жаза андан жазуу түрүндөгү түшүндүрмө катты алгандан кийин колдонулушу мүмкүн.
7.15. Академиянын окууда мыкты ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөрүнө, мыйзамда белгиленген тартипке ылайык артыкчылык диплому берилет.
7.16. Академиянын бүтүрүүчүлөрүн жумушка орноштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.
7.17. Академиянын угуучулары болуп жогорку окуу жайына чейинки даярдоо, чет тилдерин үйрөтүү борборунун, дасыгуусун жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо, медициналык жогорку билимдүү адистерди (клиникалык ординаторлор) дипломдон кийинки даярдоо боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдө окуган адамдар саналышат.

7.18. Угуучулардын укуктук абалы, ошондой эле аларды окутууну уюштуруу академиянын ректору тарабынан бекитилген түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндөгү тиешелүү жобого ылайык аныкталат.

7.19. Интерндер болуп жогорку кесиптик билими бар жана практикалык көндүмдөрүн жетилтүү жана өз алдынча медициналык, фармацевтикалык ишмердикке даярдануу үчүн интернатурада окугандар саналышат.

7.20. Дарыгер-интерндердин (фармацевттердин) укуктук абалы, ошондой эле аларды окутуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген интернатура жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

7.21. Клиникалык ординаторлор болуп, жогорку кесиптик билими бар жана теориялык билимин жана практикалык көндүмдөрүн жетилтүү, ошондой эле кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн клиникалык ординатурада окугандар саналышат.

7.22. Клиникалык ординаторлордун укуктук абалы, ошондой эле аларды окутуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген клиникалык ординатура жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

7.23. Жогорку кесиптик билими бар жана илимдин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга диссертация даярдоо үчүн аспирантурада окугандар - аспиранттар болуп саналышат.

7.24. Илимдин кандидаты окумуштуу даражасы бар жана илимдин доктору окумуштуу даражасын изденип алууга диссертация даярдоо үчүн докторантурага кабыл алынгандар - докторанттар болуп саналышат.

7.25. Жогорку кесиптик билими бар, аспирантурада окубай эле илимдин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга диссертациялык эмгек даярдоо үчүн, ошондой эле илимдин кандидаты окумуштуу даражасы бар жана докторантурада окубай эле илимдин доктору окумуштуу даражасын изденип алууга диссертация даярдоо үчүн академияга бекитилгендер - изденүүчүлөр болуп саналышат.

7.26. Аспиранттардын, докторанттардын жана изденүүчүлөрдүн укуктук абалы, ошондой эле аларды окутуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

## VIII. АКАДЕМИЯНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

8.1. Академияда төмөнкү кызматтар каралат: ректор, проректорлор, түзүмдүк бөлүм жетекчилери, факультеттердин декандары, кафедра башчылары, илимий-педагогикалык курамдын (профессордук-окутуучулар, илимий кызматкерлер), инженердик-техникалык,

административдик-чарбалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка кызматкерлер.

8.2. Илимий-педагогикалык курам төмөнкү укуктарга ээ:

8.2.1. алар тарабынан окутулуучу окуу сабактарынын мазмунун мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык аныктоого;

8.2.2. окутуунун каражаттарын жана ыкмаларын эркин тандоого, окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун камсыздоочу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;

8.2.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү өргүүгө;

8.2.4. дасыгуусун жогорулатуу жана окуу китептерин жазуу үчүн 3 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө чыгармачылык өргүүгө чыга алат. Чыгармачыл өргүүнүн узактыгы жана мезгилдүүлүгү Окумуштуулар кеңешинин чечими, же өргүүнүн максатына жана каржылык камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө жараша келишимдин шарттары менен аныкталат.

8.2.5. өзүнүн кесиптик ишмердигин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан тийиштүү камсыздоого;

8.2.6. академиянын окуу, илимий жана башка ишмердигинин маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

8.2.7. имараттарды жана маалыматтык фонддорду, лабораториялардын, бөлмөлөрдүн, китепканалардын, эсептөө борборлорунун, окуу жана илимий мекемелердин, социалдык-тиричилик, маданий жана башка бөлүмдөрдүн кызматтарын белгиленген тартипте пайдаланууга;

8.2.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте академия администрациясынын буйруктарына жана тескемелерине даттануу укугуна ээ.

8.3. Илимий-педагогикалык курам төмөнкүлөргө милдеттүү:

8.3.1. окуу жана илимий процесстердин таасирдүүлүгүн жана студенттердин окуу программаларын мамлекеттик билим берүү стандартындагы талаптардын деңгээлинде өздөштүрүүсүн камсыздоого;

8.3.2. студенттерде өз алдынчалуулукту, демилгелүүлүктү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өркүндөтүүгө, аларга жогорку адеп-ахлак ченемдерин үйрөтүүгө, кесиптик сапаттарды, жарандык көз-карашты, заманбап цивилизация жана демократия шарттарында жашоого жана эмгекке жөндөмдүүлүктү калыптандырууга;

8.3.3. ар дайым өзүнүн билим деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга, студенттерди активдүү тартуу менен илимий изилдөөлөрдү жана чыгармачыл иштердин башка түрлөрүн жүргүзүүгө, учурдагы уставдын ченемдерин аткарууга;

8.3.4. окуу процессинин жана өткөрүлүүчү илимий изилдөөлөрдүн жогорку натыйжалуулугун камсыздоого;

8.3.5.учурдагы уставдын жана Этика кодексинин жоболорун сактоого,

академиянын башкаруучу органдарынын чечимдерин аткарууга;
8.3.6. академиянын мүлкүн, анын китеп фондун сактоого миледттүү.
8.4. Илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо төмөнкү формаларда ишке ашырылат:
8.4.1. докторантура, аспирантура;
8.4.2. илимдин доктору окумуштуу даражасын изденип алууга диссертацияларды даярдоо үчүн илимий кызматкерлерди кызматтарга которуу;
8.4.3. илимдин кандидаты, же доктору окумуштуу даражасын изденип алууга диссертацияларды даярдоо жана коргоо үчүн изденүүчүлөрдү академияга бекитүү;
8.4.4. диссертациялык ишин бүтүрүү үчүн чыгармачыл өргүү берүү ишке ашырылат.
8.5. академиянын илимий-педагогикалык кадрларын кайра даярдоо жана дасыгуусун жогорулатуу белгиленген тартипте академиянын атайын бөлүмдөрүндө, ошондой эле дасыгууну жогорулатуучу жана кадрларды кайра даярдоочу окуу жайларында жүргүзүлөт.
8.6. Академиянын окутуучулары негизги кызматы менен бир учурда, кызматтарды айкалыштыруу шарттарында кафедра башчысынын, декандын (анын орун басарынын), бөлүм башчысынын, аспирантура, практика, окуу-усулдук бөлүм башчыларынын милдеттерин кошумча аткара алышат.
8.7. Академиянын илимий-педагогикалык кызматкерлеринин бардык кызматтарын ээлөө 5 жылга чейинки мөөнөткө түзүлгөн эмгек келишими боюнча жүргүзүлөт.
8.8. Кафедра башчысы Окумуштуу даражасы жана наамы бар адистердин ичинен академиянын Окумуштуулар кеңеши тарабынан жашыруун добуш берүү аркылуу тандалат жана кызматка ректордун буйругу менен 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.
8.9. Академия проректорлору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте мөөнөттүү эмгек келишими боюнча жумушка алынышат. Проректордун академия менен түзгөн мөөнөттүү эмгек келишиминин аяктоо мөөнөтү ректордун ыйгарым укуктарынын аяктоо мөөнөтүнө дал келет.
8.10. Проректорлордун кызмат ордун алмаштырууда мөөнөттүү эмгек келишимин түзүүнүн алдынан кызмат ордуна дайындоо жүргүзүлөт.
8.11. Окуу иштери боюнча проректорлор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кызмат ордуна ректордун сунушу менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дайындалат.
8.12. Академиянын түзүмдүк бөлүм жетекчилери тиешелүү тармакка жана

дасыгууга ылайык келген окумуштуу даражасы бар адистердин арасынан учурдагы уставда белгиленген келишимдик-сынактык тартипте дайындалышат.

8.13. Проректорлордун, факультеттердин декандарынын, филиалдардын (инситуттардын), түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кызмат орундарында эмгек келишими түзүлгөн мезгилге карабастан 65 жаштан улуу эмес курактагылар иштешет. Аталган кызмат орундарында иштегендер ушул куракка жеткенде алардын дасыгуусуна ылайык келген башка кызматтарга которулушат.

8.14. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасы менен ректор проректорлордун, факультеттердин декандарынын, филиалдардын (инситуттардын), түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кызмат ордун аркалоо мөөнөтүн 70 (жетимиш) жаш курагына чейин узартууга укуктуу.

8.15. Административдик-чарбалык, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка кызмат орундары келишимдин (контракттык) негизинде алмаштырылат.

8.16. Кафедра башчыларынын кызмат орундары 65 жашка чейинки курактагы илимдин доктору, айрым учурларда тиешелүү илимдин кандидаты окумуштуу даражасы жана окумуштуу наамы бар адистер (доцент, профессор) тарабынан 5 жылдык мөөнөткө сынак боюнча ээленишет. Илимдин кандидаты (доцент) кафедра башчысы кызмат ордуна бир, айрым учурларда эки мөөнөткө шайланат. Өзгөчө учур катары, кафедра башчылыгына 70 жашка чейинки илимдин докторлору (профессорлор), ошондой эле 75 жаштан ашпаган академиялык наамы бар (академик, корреспондент-мүчө) адистер шайлана алышат. Аталган кызматтарда иштегендер курактык чекке жеткенде алардын дасыгуусуна ылайыктуу башка кызматтарга которулушат.

8.17. Административдик-чарбалык жана башка кызматкерлердин укуктары жана милдеттери, ошондой эле академиянын бардык категориядагы кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары, учурдагы уставы жана академиянын башка локалдык ченемдик актылары менен аныкталат.

8.18. Административдик-башкаруу курам кызматтарды айкалыштыруу шартында педагогикалык иштер менен да алектенсе болот. Бул иштерди аткаруунун шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик-укуктук актыларына негизделген.

8.19. Академиянын окутуучуларын жана башка кызматкерлерин кабыл алуу жана бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамына, же келишимде көрсөтүлгөн шарттарга ылайык жүргүзүлөт.

## IX. АКАДЕМИЯНЫ БАШКАРУУ

9.1. Уюштуруучунун өзгөчө ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр таандык:
9.1.1. академия ишмердигинин негизги багыттарын аныктоо;
9.1.2. академиянын уставын жана ага киргизилүүчү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү;
9.1.3. академияны кайра уюштуруу жана жоюуга байланыштуу маселелерин кароо.
9.2. Академияны башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана учурдагы уставга ылайык жамааттык принциптерде, ошондой эле академиянын ишмердигиндеги маанилүү маселелерди чечүүгө профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин, студенттердин, аспиранттардын жана докторанттардын катышуусу менен иш жүзүнө ашырылат.
9.3. Академиянын жалпы жетекчилигин төмөнкү шайлануучу органдар ишке ашырышат:
9.3.1. окуу, илимий-изилдөө, окуу-усулдук иштер, илимий-педагогикалык кадрларды топтоо жана даярдоо жагында Окумуштуулар кеңеши;
9.3.2. ишмердиктин бардык багыттары боюнча ыкчам чечимдерди кабыл алуу жагында Ректораттын кеңеши;
9.3.3. уюштуруу ишмердиги жагында Камкордук кеңеши;
9.3.4. каржы ишмердиги жагында Каржы комитети.
9.4. Өз алдынча башкаруу формасын өнүктүрүү максатында академияда Камкордук кеңеши түзүлөт жана иштейт.
9.4.1. Камкордук кеңеши – уставдык максаттарга жетүү үчүн көмөк көрсөтүүчү, кошумча каражаттарды (бюджеттен тышкаркы) тартуу жана алардын максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөөчү юридикалык статуска ээ эмес, академиянын өз алдынча башкаруу органы.
9.4.2. Камкордук кеңеши өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, башка билим берүү, саламаттык сактоо тармагындагы ченемдик-укуктук актыларына жана учурдагы уставга ылайык жүргүзөт.
9.4.3. Академиянын Камкордук кеңешин түзүү тартиби, анын компетенциясы, кеңеш менен ректордун ортосундагы ыйгарым укуктарын чектөө учурдагы уставга жана Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык аныкталат.
9.4. Камкордук кеңешин түзүүнүн шарттары жана тартиптери:
Жогорку билими бар, билим берүү тармагында, же академиянын профилине туура келген башка чөйрөдө тажрыйбасы бар жана жазуу түрүндө макулдугун берген Кыргыз Республикасынын жарамдуу

жарандары, же чет элдик жарандары Камкордук кеңешинин мүчөсү боло алат.

9.4.1. Ишкер чөйрөнүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү, коомдук, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын, студенттик жана ата-энелер бирикмелеринин өкүлдөрү кеңештин мүчөсү боло алышат. Академиянын Камкордук кеңешинин курамына Жогорку Кеңештин, Президенттин Аппаратынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрү кире алышат.

9.4.2. Академиянын камкордук кеңешинин саны 13 адамга чейин болот.

9.4.3. Камкордук кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары академиянын Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча аны коомдук угууларда шайлаган учурдан баштап күчүнө кирет. Камкордук кеңештин мүчөлөрүнүн ишмердигинин мөөнөтү 5 жыл аяктаганда токтотулат.

Камкордук кеңештин мүчөлөрү эки мөөнөттөн ашык шайлана алышпайт.

Академиянын камкордук кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу төмөнкүчө жүргүзүлөт:

- берилген арызына ылайык жеке өтүнүчү боюнча;
- Камкордук кеңештин мүчөсүнүн милдетин аткарууга жолтоо болгон ооруга чалдыккан учурда;
- Камкордук кеңештин ишмердигинин принциптерин бузган учурда;
- каза болгондо ыйгарым укугу токтотулат.

9.5. Камкордук кеңешинин негизги милдеттери:

- билим берүү, илимий-техникалык, кадрдык мүмкүнчүлүктү өнүктүрүү, билим берүү программаларын ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу максатында билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга көмөктөшүү;
- академия жетекчилигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү;
- академияны өнүктүрүү үчүн инвестицияларды, каржылоолорду жана ресурстарды издөө жана тартуу;
- бюджеттен тыш каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышына мониторинг түзүү.

9.6. Академиянын камкордук кеңешинин ыйгарым укуктары:

- академиянын кызыкчылыктарын өлкөдө жана анын чегинен тыш алып барат;
- академиянын өнүгүү стратегиясын аныктоого катышат жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;
- академияны өнүктүрүү үчүн инвесторлорду жана башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну ишке ашырат;
- академия тарабынан табылган бюджеттен тышкаркы каражаттарды чыгымдоо сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдөйт;

- академиянын бюджеттен тышкаркы каражаттарын, алынган мүлктөрүн жана башка активдерин пайдалануу жөнүндө кызмат адамдарынын отчётторун карайт.

9.7. Камкордук кеңеши төмөнкүлөргө укуктуу:

- академиянын тиешелүү кызматкерлеринен бюджеттен тышкаркы каржылык-чарбалык ишмердигинин аткарылышына байланыштуу документтерди сурап алууга;
- өз милдеттерин аткаруу үчүн кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен комиссия түзүүгө;
- академиянын ишмердиги боюнча көз карандысыз аналитикалык иштерди жүргүзүүгө, кеңештерди алуу үчүн келишимдин негизинде кеңешчилерди тартууга жана жумушчу топторду түзүүгө;
- фискалдык органдардын академияны текшерүү жыйынтыктары менен таанышууга;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамын жана каржылык тартип бузган кызмат адамдарына чара колдонуу жөнүндө сунуштарды демилгелөөгө укуктуу.

9.8. Камкордук кеңештин ишмердигин биринчи отурумунда Камкордук кеңештин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүктүн добушу менен шайланган төрагасы башкарат.

9.9. Камкордук кеңешинин отуруму окуу жылында экиден кем эмес жолу өткөрүлөт. Кезексиз отурумдар төрага тарабынан, же Камкордук кеңешинин үчтөн кем эмес мүчөлөрүнүн өтүнүчү менен чакырылат.

9.10. Эгерде Камкордук кеңешинин отурумуна мүчөлөрдүн үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес катышса, анда Камкордук кеңешинин чечими кабыл алынат. Эгерде кеңештин мүчөсү отурумга катыша албай калып, бирок талкууланууучу маселе боюнча өз оюн жазуу түрүндө билдирүү мүмкүнчүлүгү болсо, анда катышуунун мындай түрү отурумга катышканга барабар деңгээлде таанылат.

9.11. Камкордук кеңешинин төрагасынын ыйгарым укуктарына төмөндөгүлөр кирет:

- отурумдун күн тартибин, өткөрүү күнүн жана жерин аныктоо;
- отурумга маселелерди даярдоо үчүн кеңештин мүчөлөрүнө жана академиянын жетекчилигине тапшырмаларды дайындоо;
- кеңештин отурумдарын башкаруу жана чечимдин долбоорлорун даярдоо;
- кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө;
- өзү жок болгон учурга Камкордук кеңеш курамынын ичинен бирөөнү төрагалык кылууга дайындоо укугуна ээ.

9.12. Камкордук кеңештин мүчөлөрү төмөнкү укуктарга ээ:

- Камкордук кеңештин ыйгарым укуктарына таандык маселелер боюнча документтерди академиянын жетекчилигинен жана түзүмдүк бөлүмдөрдөн суроого жана толук маалыматтарды алууга;

- академияда, анын ичинде түзүмдүк бөлүмдөрдүн деңгээлинде өткөрүлгөн жыйындарга жана отурумдарга барууга.

9.13. Камкордук кеңешинин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Камкордук кеңештин ишмердигине активдүү катышууга;

- Камкордук кеңештин отурумуна барууга.

9.14. Катчы Камкордук кеңештин төрагасынын сунуштамасы менен Камкордук кеңештин мүчөлөрү тарабынан шайланат. Камкордук кеңештин катчысынын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- отурумду даярдоо боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү, Камкордук кеңештин мүчөлөрү үчүн керектүү документтерди чогултуу;

- Камкордук кеңештин мүчөлөрүнө отурумдун күн тартибин, күнүн жана өтүлө турган жерин кабарлоо (кезектеги отурумду өткөрүүгө чейин 15 күндөн кеч эмес жана кезексиз отурумду өткөрүүгө чейин 5 күндөн кеч эмес);

- отурумдун протоколун жана иш кагаздарын жүргүзүү.

9.15. Камкордук кеңеш коомдук негизде иш алып барат;

9.16. Камкордук кеңештин отурумдарын уюштуруунун чыгымдарын академия көтөрөт.

9.17. Окумуштуулар кеңеши академияны башкаруунун коомдук-кесиптик органы болуп саналат.

9.18. Академиянын Окумуштуулар кеңеши төмөнкү курамдан түзүлөт:

9.18.1. ректор (кеңештин төрагасы), проректорлор, өз алдынча чарбалык эсептеги түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, факультеттердин декандары, тармактык кафедралардын башчылары, илимий-педагогикалык жана башка бөлүмдөрдүн жетекчилери, профсоюздук жана студенттик коомдук уюмдардын өкүлдөрү;

9.18.2. алдыңкы окумуштуулардын, профессорлордун жана доценттердин арасынан белгиленген тартипте тиешелүү түзүмдөрдүн кеңеши тарабынан шайланган факультеттердин жана башка окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрү.

9.19. Окумуштуулар кеңешинин курамына илимий, дарылоо жана изилдөөчү медициналык мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, академияда иштебеген көрүнүктүү окумуштуулар, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

9.20. Окумуштуулар кеңешинин курамы академиянын ректору тарабынан 2 (эки) жылдык мөөнөткө бекитилет.

9.21. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү өз ыйгарым укуктары аяктаганга чейин чыгып кетсе, анын белгиленген санын толуктоо ректордун буйругунун негизинде жүргүзүлөт.

9.22. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин негизги функциялары жана милдеттери:
9.22.1. факультеттерди, кафедраларды, башка илимий жана окуу бөлүмдөрүн түзүү, реформалоо, ирилештирүү жана бөлүү боюнча маселелерди кароо жана сунуштарды иштеп чыгуу;
9.22.2. академияны өнүктүрүүнүн жылдык жана келечек пландарын бекитүү;
9.22.3. академиянын проректорлорунун, түзүмдүк бөлүмдөрдүн, анын ичинде өз алдынча чарбалык эсептеги бөлүмдөрдүн жетекчилеринин окуу, окуу-усулдук, илимий, каржылык-чарбалык жана тарбия ишмердиктери боюнча отчётторун угуу жана андан ары жакшыртуу үчүн чараларды көрүү;
9.22.4. окуу процессин уюштуруу жана ылайыкташтыруу, окуу процессине окутуунун натыйжалуу технологияларын жайылтуу маселелерин кароо;
9.22.5. академиянын илимий-изилдөө жана усулдук ишмердигинин негизги багыттарын аныктоо, аны жүргүзүүгө каржы жана эмгек ресурстарын бөлүштүрүү;
9.22.6. илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн илимий-уюштуруу ишмердигин өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жана максаттуулугун баалоо боюнча чечимдерди кабыл алуу;
9.22.7. белгиленген тартипте профессордук-окутуучулук курамдын, кафедра башчысы кызматтарына сынактык шайлоолорду өткөрүү;
9.22.8. профессор жана доцент окумуштуу даражаларын изденүүчүлөрдүн иштерин кароо, белгиленген тартипте профессор жана доцент окумуштуу наамдарын ыйгаруу жана алардын окумуштуу наамын бекитүүгө көрсөтүү;
9.22.9. студенттер жана аспиранттар үчүн бекитилген энчилүү жана мамлекеттик стипендияларды ыйгаруу маселелерин кароо;
9.22.10. академиянын илимий-педагогикалык кадрларын өкмөттүк сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө иштерди кароо;
9.23. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин отуруму ректор тарабынан бекитилген жылдык планга ылайык өткөрүлөт.
9.24. Академия ректору академиянын Окумуштуулар кеңешинин отурумунун мөөнөтүн жана күн тартибин өзгөртүүгө укуктуу.
9.25. Эгерде академиянын Окумуштуулар кеңешинин отурумдарына кеңештин жалпы курамынын 50%дан (элүү пайыздан) ашыгы катышса, анда отурумдар укуктуу.
9.26. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин отурумдары окуу жылынын ичинде айына бирден аз эмес жолу өткөрүлөт.
9.27. Окумуштуулар кеңешинин кезексиз отуруму чакырылышы мүмкүн:
9.27.1. ректордун (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы) чечими боюнча;
9.27.2. Окумуштуулар кеңешинин курамынын 2/3 бөлүгүнүн талабы боюнча;
9.27.3. Ректорат кеңешинин чечими боюнча өткөрүлөт.

9.28. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча анын ыйгарым укуктарынын бир бөлүгү жогоруда белгиленген тартипте жана учурдагы уставга ылайык, түзүлгөн түзүмдүк бөлүмдөрдүн Окумуштуулар кеңешине берилиши мүмкүн. Бөлүмдөрдүн окумуштуулар кеңешинин курамы ректор тарабынан бекитилет.

9.29. Профессордук-окутуучулук жана илимий курамдардын кызмат орундарын ээлөө боюнча сынактарды өткөрүү, факультеттердин декандарын, кафедралардын жана башка окуу-илимий бөлүм башчыларын тандоо, окумуштуу наамдарын ыйгарууга сунуштоо боюнча Окумуштуулар кеңешинин чечимдери тиешелүү жоболордо белгиленген тартипте жашыруун добуш берүү аркылуу, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

9.30. Окумуштуулар кеңешинин окуу, илимий, тарбия, каржылык-чарбалык жана ишмердиктин башка түрлөрүнүн маселелери боюнча чечимдери ачык добуш берүү аркылуу, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

9.31. Окумуштуулар кеңешинин чечими академиянын ректору тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

9.32. Окумуштуулар кеңешинин отуруму протоколдонот. Протоколдорго кеңештин төрагасынын жана окумуштуу катчысынын кол тамгасы коюлат.

9.33. Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы кеңештин чечимдеринин аткарылышына системалык түрдө текшерүү уюштурат жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышы тууралуу ректорго жана кеңештин мүчөлөрүнө маалымдайт.

9.34. Академияда өзүн-өзү башкаруу формасын өнүктүрүү максатында Камкорлук кеңеш түзүлөт жана иштейт.

9.35. Камкорлук кеңеш – юридикалык жактан статусу жок, уставдык максаттарга жетүү үчүн жардам көрсөтүү боюнча иш-аракеттерди аткаруу, ошондой эле кошумча (бюджетсиз) каражаттарды жана аны максаттуу колдонууну ишке ашыруучу академиянын шайланган өзүн-өзү башкаруу органы.

9.36. Камкорлук кеңеш өз ишмердигин КРнын "Кыргыз Республикасынын Билим берүү" жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Конститутциясына ылайык, жана саламаттыкты сактоо, билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук актылардын жана учурдагы уставынын негизинде жүргүзөт.

9.37. Академиянын Камкорлук кеңешин түзүү тартиби, анын компетенциялары, ректор менен кеңештин ортосундагы ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын жана учурдагы уставынын негизинде жүргүзүлөт.

9.38. Бюджеттик жана бюджеттен тыш каражаттарды пландаштыруунун, бөлүштүрүүнүн жана пайдалануунун эң жогорку айкындуулугун жана ачыктыгын камсыздоо максатында академияда Каржы комитети түзүлөт жана иштейт.
9.39. Каржы комитети академиянын сунуштоочу-кеңешүүчү органы болуп саналат.
9.40. Академиянын Каржы комитети 13, же андан ашык адамдан турат.
9.41. Каржы комитетинин мүчөлөрүн шайлоо академиянын Окумуштуулар кеңешинин жалпы чогулушунда бир каржы жылдык мөөнөткө өткөрүлөт. Комитеттин мүчөсү маанилүү себептер менен чыгып кеткен учурда анын ордун комитеттин шайлоосунда эң көп добуш алган адам ээлейт.
9.42. Каржы комитетинин курамына ректор, проректорлор, башкы эсепчи жана пландоо-каржылоо бөлүмүнүн башчысы милдеттүү түрдө (добуш берүүсүз) кирет
9.43. Каржы комитетинин мүчөлөрү төраганы, комитеттин төрагасынын орун басарын жана катчыны ушул комитеттин жалпы санынын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү аркылуу шайлашат.
9.44. Каржы комитетинин отурумунун иш күнүн жана иш планын комитеттин төрагасы бекитет.
9.45. Каржы комитети пландоо-каржылоо бөлүмүнүн, бухгалтериянын, материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн жана академиянын башка бөлүмдөрүнүн, анын ичинде өздүк чарбалык эсептеги эмгегин угат. Каражаттарды пландоо, бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча өзүнүн сунуштарын, сын пикирлерин жана кеңештерин берет.
9.46. Каржы комитетинин чечими көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, добуштар тең чыккан учурда төраганын добушу чечүүчү болуп эсептелет.
9.47. Каржы комитетинин ишин уюштуруу ректор тарабынан бекитилген академиянын Каржы комитети жөнүндөгү тиешелүү жобосу менен жөнгө салынат.
9.48. Академияны түздөн-түз башкарууну ректор жүзөгө ашырат.
9.49. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин өзгөчө компетенциясына таандык ыйгарым укуктарынан башка кызматтардын бардык маселелерин ректор өз алдынча чечет.
9.50. Ректор ишеним кагазы жок эле академиянын атынан иштейт, мамлекет, мамлекеттик жана башка органдар, уюмдар жана мекемелер, менчигинин формасына карабай юридикалык жактар жана жарандар менен болгон мамиледе анын кызыкчылыктарын алып барат; академиянын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, каржылык-насыялык мекемелерде төлөмдүк жана башка эсептерди ачат; ишеним кагаздарын

берет; келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, буйруктарды жана тескемелерди чыгарат, көмөктөөчү чараларын көрөт жана тартип жазаларын чегерет.

9.51. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана учурдагы уставга ылайык ректор өзүнүн компетенциясынын чегинде:

9.51.1. академиянын билим берүү, илимий, өндүрүштүк, чарбалык, каржылык, эл аралык жана башка ишмердигин башкарат;

9.51.2. академиянын түзүмүн бекитет;

9.51.3. академиянын штаттык ыраттамасын бекитет;

9.51.4. учурдагы уставга ылайык академиянын кадрдык курамын түзөт;

9.51.5. академиянын Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;

9.51.6. академиянын Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысынын талапкерлигина Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунуштайт;

9.51.7. эгер факультеттин жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн Окумуштуулар кеңешинин чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана учурдагы уставга карама-каршы болсо, аларды токтотуп турат;

9.51.8. академиянын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иштерин академиянын Окумуштуулар кеңешинин жана Ректорат кеңешинин чечимдерин эске алуу менен уюштурат;

9.51.9. академиянын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет, түзүмдүк бөлүм жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот;

9.51.10. өз ыйгарым укуктарынын чегинде буйруктарды чыгарат, кызматкерлер жана үйрөнүүчүлөр аткарууга милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;

9.51.11. академиянын ишмердигин жөнгө салуучу локалдык ченемдик укуктук актыларды бекитет;

9.51.12.учурдагы уставда каралган башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды аткарат.

9.52. Академиянын ректору альтернативдик негизде медициналык билими, окумуштуу даражасы жана наамы, ошондой эле тиешелүү дасыгуусу жана жетекчилик кызматта тажрыйбасы бар, 65 жаштан улуу эмес курактагы адистердин арасынан жамааттын жалпы чогулушунда жашыруун добуш берүү аркылуу жөнөкөй көпчүлүк добуш менен шайланат. Академиянын ректору кызматына талапкерлерди көрсөтүү анын окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан, же өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде жүргүзүлөт. Академиянын ректору кызматына эки мөөнөт катары менен ээлеген адам талапкер боло албайт.

9.53. Академиянын Окумуштуулар кеңешинин сунуштамасы боюнча түзүүчү ректордук кызматта болуу мөөнөтүн 70 жашка чыкканга чейин узартканга укуктуу.

9.54. Академиянын ректорун шайлоого окуу жайдын, анын ичинде бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн профессордук-окутуучулук курамы (белгиленген тартипте келишимдик-сынактык негизде кызматтарын ээлешкен ассистенттер, окутуучулар, улук окутуучулар, доценттер, профессорлор, кафедра башчылары, факультеттердин декандары), илимий кызматкерлер жана административдик-башкаруу кызматкерлери (окуу жайдын жетекчиси, проректорлор, окуу жайдын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (инстутуттардын, борборлордун, колледждердин, обочолонгон түзүмдүк бөлүмдөрдүн) окуу жайдын башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн башчылары жана орун басарлары) катышышат.

9.55. Академиянын ректору эң көп сандагы добуш алган, ушул кызматты ээлегенге толук укуктуу үч талапкердин ичинен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин көрсөтмөсү боюнча Кыргыз Республикасынын премьер-министри тарабынан 5 жылдык мөөнөткө бекитилет. Бир эле адам экиден ашык мөөнөт катары менен академиянын ректору болуп дайындала албайт.

9.56. Кезектеги ректорду шайлоо учурдагы ректордун ыйгарым укуктарынын аяктоо күнүнөн баштап, отуз календардлык күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт. Мурунку ректордун ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта, жаңы ректорду шайлоо ыйгарым укуктары токтотулган күндөн баштап алтымыш күндөн кечиктирбестен өткөрүлүшү керек.

9.57. Академиянын ректору өзүнүн ыйгарым укуктарын жаңы шайланган ректордун кызматына киришүүсүнө чейин жүзөгө ашырат.

9.58. Академиянын ректорунун ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтошулушу мүмкүн:

9.58.1. өз каалоосу менен кетүү;

9.58.2. “Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө” мыйзамында каралган тартипте демилгеленген пикир;

9.58.3. ооруга чалдыккан себептен, же каза болгондугуна байланыштуу кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүн болбогондо;

9.58.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер.

9.59. Ректор өзүнүн ишмердигинде Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын, тескемелерин жана учурдагы уставын жетекчиликке алат.

9.60. Ректорат кеңеши академиянын окуу, илимий, дарылоо, каржылык-экономикалык жана чарбалык ишмердиктерин уюштуруу жана жүзөгө ашыруу маселелерин караган кеңеш берүүчү-кеңешүүчү жамааттык орган болуп саналат. Ректорат кеңешинин ишмердиги ректор тарабынан

бекитилген академиянын “Ректорат кеңеши жөнүндө” жобосу менен жөнгө салынат.

9.61. Проректорлор академия ишмердигинин белгилүү түрлөрүн түздөн-түз жетектөөнү ректордун буйруктарына жана тескемелерине жана ал тарабынан бекитилген кызматтык милдеттерине ылайык жүзөгө ашырышат.

## X. АКАДЕМИЯНЫН КАРЖЫЛЫК ЖАНА ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИ

10.1. Каражаттарды пландоонун жана колдонуунун ачыктыгын жана айкындыгын камсыздоо максатында, академияда отчёттук жылдан кийинки жылдын 1-августуна чейин бюджеттен тыш каражаттарды сарптоо жөнүндө отчётту коомдук угуу жүргүзүлөт. Коомдук угууда академия кызматкерлери, студенттери, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бардык кызыккан адамдар катыша алышат.

10.2. Академияны каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

10.2.1. мамлекеттик буйрутма боюнча адистерди даярдоону каржылоочу республикалык бюджет;

10.2.2. түзүүчүнүн каражаттары жана билим берүү, кеңеш берүү, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка мыйзамдуу ишмердиктен түшкөн жеке, анын ичинде валюталык каражаттар;

10.2.3. каржылык-насыялык мекемелердин насыялары;

10.2.4. ишканалар, уюмдар, коомдук фонддор, жеке адамдар (анын ичинде чет элдиктер) тарабынан кайтарымсыз берилген каражаттар;

10.2.5. келишимдик окуу үчүн төлөмдөр;

10.2.6. кошумча билим берүү кызматтары үчүн төлөмдөр (студенттер тарабынан негизсиз себептер менен калтырылган сабактарды, кошумча окутуу, башка окуу жайдан которулганда, же калыбына келтирилгенде – айырма, кошумча кеңеш берүү ж.б. үчүн), курстар, жатаканада жашоо үчүн төлөмдөр ж.б.;

10.2.7. кадрларды даярдоо жөнүндө юридикалык жана физикалык жактар менен түзүлгөн келишимдер боюнча алынган каражаттар;

10.2.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар;

10.3. мамлекеттик буюртма боюнча кадрларды даярдоону каржылоо билим берүү гранттары менен окуган студенттердин контингентинин санына карап, республикалык бюджет каражатынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

10.4. Академия мамлекеттик аттестациялоонун негизинде мамлекеттик буйрутмага ылайык, физикалык жана юридикалык тараптар боюнча окуу үчүн төлөмү менен адистерди даярдоону иш жүзүнө ашырат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана уставына каршы келбеген келишим түзүүнү, милдеттенмелерди жана башка шарттарды аныктоо боюнча маселелерин академия өз алдынча чечет. Академияга келишимдик (төлөнүүчү) негизде пландан тышкары кабыл алуу академиянын учурдагы бардык окутуу формаларында жүргүзүлүшү мүмкүн.

10.5. Бюджеттик жана бюджеттик эмес каржылоонун көлөмү материалдык жана ага кеткен барабар чыгымдардын ордун толтурууну, окуу-илимий-дарылоо-өндүрүштүк процессти уюштурууну, эмгек акыны төлөп берүүчү каражаттарды, зарыл болгон материалдык базаны түзүүнү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эмгек жамаатынын коомдук өнүгүүсүн жана материалдык жактан стимулдаштырылышын камсыз кылат.

10.6. Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн окууга төлөнүүчү өлчөмдөр ректор тарабынан белгиленген смета менен ар бир каржы жылына жана мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык, тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан аныкталат. Окутуунун сметалык наркы илимий, тарбиялык жана окуу процесстерин өткөрүүгө, маалымат жагынан камсыз кылууга кеткен чыгымдарды, академиянын учурдагы мазмунун, эмгек акысын төлөп берүү каражаттарын, материалдык-техникалык базасынын мазмунун, өнүгүүсүн жана жумушчуларды материалдык жактан стимулдаштыруусун, студенттер үчүн коомдук колдоону камтыйт.

10.7. Материалдык демилгелер жана материалдык жардамдардын өлчөмдөрү кызматкерлердин бардык категорияларына бар каражаттардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарына ылайык өз алдынча академия тарабынан белгиленет. Ошону менен бирге мамлекеттик тарифтик коюмдар (ставка) жана окладдар эң аз өлчөм катары колдонулат. Мамлекеттик коюмдарга жана кызматтык маянага кошумча төлөмдөр жана үстөктөр кызматкерлердин квалификациясына, аткарган жумуш шарттарынын татаалдыгына, ар бир кызматкердин академиянын ишмердигине кошкон жеке салымына жараша кызматкерлердин эмгек акыларын милдеттүү түрдө дифференциациялоодо колдонулат.

10.8. Академиянын учурдагы колдонулбаган бюджеттик каражаттары кийинки жылдагы каржылоого киргизилбейт.

10.9. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана учурдагы уставда белгиленген тартипке ылайык, кабыл алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү, экономикадан тышкаркы ишмердиктерден келип түшкөн валюталарды академия өз алдынча башкарат.

10.10. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамында башкача каралбаса,

академиянын каржылык жана материалдык каражаттарын алып таштоого болбойт.

10.11. Академиянын мүлкү, имараттары менен курулуштары анын ыкчам башкаруусунда турат жана билимсиз пайдаланууга болбойт.

10.12. Академия республикалык бюджеттен берилген каражаттарды кошкондо Кыргыз Республикасынын мыйзамындагы тартипке ылайык өзүнө бекитилген мүлктү башкарат.

10.13. Учурдагы уставда каралгандай академия үчүн анын ишмердигин камсыздоо максатында ыкчам башкаруу укугуна имараттар, курулуштар, мүлктүк комплекстер жана кыймылсыз мүлктөр жана башка мекемелер (ошону менен катар жер тилкелер), жабдуулар, ошондой эле коомдук-маданий жана башка кызыкчылыктарды көздөгөн керектүү мүлктөр бекитилет.

10.14. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык академия чарбалык жана башка киреше алып келе турган өзүнө тиешелүү мүлктү колдонууга жана мүлктүн кээ бир бөлүктөрүн (сатып алуу укугусуз) ижарага берүүгө укуктуу.

10.15. Академия учурдагы мыйзамга ылайык, акы төлөнүп берилүүчү билим берүү кызматы катары сырткы экономикалык кирешени кошкондо, киреше алып келген ишмердикти, ошону менен катар акы төлөп берүүчү жогорку билим берүү кызматтарын жана консалтинг, илимий-техникалык ишмердикти кайтарымдык негизде жүргүзөт.

10.16. Академия өз алдынча мамлекеттик тапшырыкты аткарууга бөлүнгөн каражаттын чегинде, ошондой эле мыйзамдарга каршы келбеген өздүк каражаттын жана башка булактардын эсебинен материалдык-техникалык базаны өнүктүрөт.

## XI. АКАДЕМИЯНЫН ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДИГИ

11.1. Академия жогорку окуу жайга чейинки, жогорку, дипломдук, дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтыктарга катышууга, түздөн-түз байланыш түзүүгө жана чет элдик, эл аралык илимий, окуу жана дарылоо мекемелери, башка ишканалар жана уюмдар менен кызматташууга, мыкты тажрыйбаларды үйрөнүү жана жайылтуу максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык мамлекет аралык жана эл аралык билим берүү, илимий-изилдөө программаларын ишке ашырууга укуктуу.

11.2. Академия эл аралык иш-чаралардын алкагында төмөнкү укуктарга ээ:

11.2.1. эл аралык коомдук (өкмөттүк эмес) билим берүү бирикмелерге жана уюмдарга кирүүгө;

11.2.2. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери катары чет элдик

өнөктөштөр менен биргелешкен иш жөнүндөгү макулдашууга, келишимдерди түзүүгө мүмкүн эмес.

11.3. Академияда квотадан тышкары чет элдик жарандарды даярдоодо, кайра даярдоо жана дасыгуусун жогорулатууда, Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан белгиленген мамлекет аралык макулдашууларга ылайык, академия тарабынан чет элдик жарандар жана чет элдик юридикалык тарап менен түзүлгөн келишимге ылайык иш жүзүнө ашырылат.

11.4. Академияда мамлекет аралык макулдашуулар жана түз келишимдер боюнча чет элдик жарандарды окутуу компенсациялык негизде, ошондой эле академияда белгиленген уюмдардын, чет өлкөлүк жогорку окуу жайлардын, башка уюмдардын жана чет элдик жарандардын эсебинен иш жүзүнө ашырылат.

11.5. Академия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, учурдагы уставда каралаган жана негизги милдеттерди аткарууга багытталган тышкы экономикалык ишмердик менен иштешүүгө укуктуу.

11.6. Эл аралык ишмердиктин бардык түрлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген келишимдин негизинде (эгер Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекет менен түзүлгөн эл аралык макулдашууларынан башка каралбаса) жүзөгө ашырылат.

11.7. Академиянын тышкы экономикалык каражаттан алынган акча каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык керектелет.

## XII. ЭСЕПКЕ АЛУУ, КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АКАДЕМИЯНЫН ОТЧЕТТУУЛУГУ

12.1. Академия өз ишмердик жыйынтыктарынын ыкчам бухгалтердик эсебин жүзөгө ашырат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык статистикалык отчёт жүргүзөт.

12.2. Бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

12.3. Көзөмөл жана академиянын каржылоо-чарбалык ишмердигин текшерүү Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык, алардын компетенциясынын чегинде уюштуруучу жана башка мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

## XIII. АКАДЕМИЯНЫН КАЙРА ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ

13.1. Академия уюштуруучу тарабынан, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте соттун чечими менен кайра түзүлөт жана жоюлат.

13.2. Академия юридикалык жактан бирдиктүү мамлекеттик реестрине тийиштүү жазып алууларды киргизгенден баштап, кайра түзүүчү, же жоюлуучу болуп эсептелет.

## XIV. КОРТУНДУ ЖОБОЛОР

14.1. Учурдагы устав Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында катталган учурдан баштап мыйзам күчүнө кирет.

14.2. Учурдагы уставдын жобосу уюштуруучунун чечиминин негизинде төмөнкү учурларда өзгөртүлүшү жана толукталышы мүмкүн: уюштуруучу алмашканда, юридикалык дарек өзгөргөндө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндө, баш ийүүлөрү жана аталышы өзгөргөндө.

14.3. Эгер учурдагы уставдын жобосунун бирөө жараксыз болсо, башка жоболордун ишин токтотууга себеп боло албайт. Жараксыз жобо укуктук мамилелерге жол берилген, же мааниси жагынан алмаштырылган жобого жакын жобо менен алмашылышы керек.

14.4. Академия ишмердигинин процессинде пайда болгон документтер, кайра түзүү, же жоюу учурларында «Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жөнүндө» мыйзамына ылайык сактоо жайында сакталат.

**Ректор** **Зурдинов А.З.**